Акматов Н. Р.

*К.Тыныстанов ат. ЫМУ*

# ЫСЫККӨЛДҮН СЫРТТАРЫНДАГЫ ГЕОГРАФИЯЛЫК АТТАРЫНЫН СЫРЛАРЫ

*Макалада сырт өрөөнүндөгү жер-суу аттары каралып, аларга лингвистикалык жактан талдоо жүргүзүлөт.*

Ысык-Көл облусу Ысык-Көл ойдуңу-нан жана Ысык-Көлдүн сырттарынан турат. Ысык-Көлдүн сырттары – Тескей Ала-Тоонун түштүк жагынан орун алган ээн, калк аз отурукташкан кеңири аймак [6, 20]. Аталган аймактын жер-суу аталыштары акыркы мезгилдерге чейин изилдөөчүлөрдүн көз жаздымында калып келди. Ошондуктан бул маселени иликтөө – бүгүнкү күндүн милдети.

**Акчуңкур** – Аксуу районундагы тоо-нун, үңкүрдүн, жердин аты.

“Акчуңкур үңкүрү – Эчкилиташ айылынан 7 км аралыкта. Бул үңкүр Сарыжаз суусунун оң жээгиндеги неолит дооруна таандык адамдар жашаган акиташ тектүү асканын боорундагы үңкүр. Акчуңкур үңкүрүнүн ичи кенен, бийиктиги 2 – 4 м, узундугу 75 м, жазылыгы 4 м” [9, 22].

Сырттык мергенчи Рыскелди Мука-новдун маалыматында, акиташ (акташ) аймагында пайда болгон үңкүр болгон-дуктан, Акчуңкур үңкүрү деп аталган. Акчуңкур – ак үңкүр деген мааниден келип чыккан. Балким чыгыш жактагы үңкүр маанисинде да болушу ыктымал.

**Кичи-Татыр** – Ысык-Көлдүн сырты-нын Ак-Шыйрак капчыгайындагы жердин аты. Жергиликтүү айтуучу Казыбай Бектемировдун маалыматында, өлчөлүү келген 10–15 гектар жер. Чоң-Татырдан кичине жер болгондуктан, Кичи-Татыр аталган.

Окумуштуу К.Конкобаев Татыр термини Махмуд Кашкаринин мезгилинде болгондугун айтып, Ош облусунун Совет районундагы Татыр топоними “такыр жер” дегенге туура келет деп белгилейт [7, 29–30].

Ысык-Көл сыртындагы Чоң-Татыр жана Кичи-Татыр топонимдери чөп өспөгөн жер болгондуктан пайда болгон. Казактандагы Татыр топоними да ушул мааниде чечмеленилген [5, 213].

**Коёнду** – Ак-Шыйрак тоо кыркасын-дагы ашуунун, мөңгүнүн жана суунун аты. “Ашуусу 4327 м бийиктикте жатат. Мөңгүсүнүн аянты 24,3 км$^2$. Суусунун узундугу 8 км” [9, 150].

Сырттык жердиктер Казыбай Бекте-мировдун, Билим Жусуевдин жана Шарше Боогачиевдин айтымдарында, бул жерде жапайы боз коёндор көп жашайт. Кыш мезгилинде жер кара чыгат, кар жаабайт, мал колду карабайт. Ошондуктан Коёнду деп аталган.

Коёнду – коён көп жүргөн жер. Топоним байыркы мезгилден бери сакталган. -ду мүчөсү топонимди уюштуруу менен бирге, байыртадан бери сакталган мүчө.

**Оттук** – Аксуу районунун Сары-Жаз өрөөнүндөгү айылдын, жердин, суунун , мөңгүнүн аты.

“Оттук суусу – Борбордук Тянь-Шандагы суу. Сары-Жаздын оң куймасы, узундугу 24 км, алабынын аянты 186 км$^2$, деңиз деңгээлинен орто бийиктикте 3400 м. Тескей Ала-Тоонун түштүк капталынын Оттук мөңгүсүнөн башталып, кууш өрөөн аркылуу агат. Сары-Жаздын оң куймасы. Оттук мөңгүсү – өрөөн тибиндеги мөңгү. Узундугу 32 км, аянты 3500 км$^2$. [6, 228].

Сары-Жаздагы жана Тоң районундагы жер-суу аттары – оттук таштар көп болгондуктан,

балким от чөп көп болгон жер экендигине карата келип чыгышы ыктымал.

**Чагыр –** Ысык-Көл областынын сыртындагы жердин, жолдун, ашуунун аты. Бикиртик кыштоосундагы Бозадыр-дын жанында.

Жердик айтуучулар Шаршембай Абдыракуновдун, Билим Жусуевдин жана Максат Нарынбаевдин айтымдарында: "Чагыр – бир беттеп гана жүрүүгө болгон тик келген өрдөш жер, мурда ат жолу гана болгон. Себеби жол өтө кууш, тар болгондуктан, бул жерден көп малдар, машиналар учкан". Махмуд Кашгаринин сөздүгүндө "чагыр – "узкая дорога" деген мааниде берилген [2, 324].

Биздин пикирибизче, Чагыр – кууш жол. Чындыгында эле, бул маани жердин өзгөчөлүк табиятына туура келет.

**Айран-Суу** – Сары-Жаз сыртынын Көйкап өрөөнүндө жайгашкан.

Айран-Суу – айранга, ак түс маанисине салыштыруу аркылуу коюлган. Топоним Д.Исаевдин эмгегинде: "иран тилдеринин негизинде вайрон сөзүнөн фонетикалык жактан өзгөрүүгө учураган" [4, 90] деп түшүндүрүлөт. Ал топонимдин сүттөн уютулган айран менен эч кандай байланышы жок деп эсептейт. Биздин иликтөөбүздө, Сары-Жаздагы эки суу Айран-Суу жана Ойрон-Суу жанаша агары белгилүү болуп, кызыгууну жаратты. Сыртта мергенчилик, малчылык менен кесип кылган Рыскелди Мукановдун жана Абдыш Турумбаевдин айтууларында: "Суу ак жана тунук болуп аккандыктан Айран-Суу, ал эми катуу аккан Суу Ойрон-Суу деп аталган". Демек, Айрансуу – метафоралык жол менен айранга, ак түс маанисине карата, Ойрон-Суу суусуна салыштыруу аркылуу коюлган.

**Кайчы** – Ысык-Көлдүн сыртындагы капчыгайдын, тоонун, суунун, өрөөндүн, эки мөңгүнүн жана ашуунун аты.

Жердик айтуучу Казыбай Бектеми-ровдун маалыматында, Жаңарттын жанында илгерки кыргыздар атайын айдашкан жер. Ал жердин баш жагы кайчы сымал келет, бир жагы менен Бикиртик аркылуу Кытайга ашат, экинчи жагы менен да Кытайга ашууга болот. Ошондуктан ушул аймактагы ашуу, капчыгай жана суу дагы Кайчы деп аталып калган.

Кайчы топоними – кайчы сыяктуу келген жер болгондуктан пайда болгон.

**Кара-Сай –** Ысык-Көл областынын Жети-Өгүз районундагы Барскоон жергиликтүү өз алдынча башкаруусуна караштуу кыштактын аты. "Тарагай өрөөнүндө жайгашкан. Калкынын саны 120" (1990-ж.). "Карасай мөңгүсү. Ак-Шыйрак тоо тоомунун түштүк-батыш капталында жайгашкан. Түндүк Кара-Сай, Түштүк Кара-Сай мөңгүлөрү" [6, 132] бар.

Кара-Сай – Сырттагы жердин, суунун аты. Жергиликтүү жашоочулардын айткандарына караганда, жердин үстү-нүн баары – кара таштуу, кара кумдуу. Ошол өзгөчөлүгүнө байланыштуу коюлган.

Е.Койчубаев Казакстандагы Кара-Сай топонимине төмөндөгүдөй түшүндүрмө берген: «Кара-Сай – одно из самых частых названий глубоких оврагов и ложбин. Этим: глубокая расщелина, расщелина-бескормилица» [5, 122 – 123].

Кара-Сай – чоң суу деген мааниде келип чыккан.

**Кичиседемик, Чоңседемик** – Сары-Жаздагы кыштоо аттары. Күңгөй жагы Кичиседемик, тескей жагы Чоңседемик болуп кыштоолордун чоң-кичинелигине карата кишинин атынан коюлган [59].

Жергиликтүү айтуучу Муканов Рыскелдинин маалыматы күмөндүүлүктү пайда кылат. Бирок

ондон уруусундагы, сыртта айдоочу, зергер уста болуп иштеген Карач Мусаевдин айтуусунда, Седемик – асыл таш деген мааниден келип чыккан. Топонимдер седемик таштарга карата аталган. Анткени бул жерлерде седемик таштар көп учураган.

**Көдөө** – Сары-Жаздагы жердин, кыштоонун аты.

Рыскелди Мукановдун айтымында, илгери жылкыга көдөөнүн дарты пайда болгон. Ошол дарттан улам жер аты аталып калган.

Биздин пикирибизде, көдөө чөпкө байланыштуу жер аты аталган.

**Көдөөнүн музбулагы** – Сары-Жаздагы кыштоонун, булактын аты.

Р.Мукановдун айтуусунда, бул кыштоодо булак чыгып, тоңуп калат. Ошондуктан ушундайча аталган. Түшүн-дүрмө сөздүктө көдөө сөзүнүн эки мааниси берилген: 1. Мал жей турган чөп. 2. Көбүнчө жылкыга чыгуучу жара" [10, 341].

Топоним көдөө чөп өскөндүктөн келип чыккан.

**Кызылүңөт** – Сырттагы жердин аты.

Казыбай Бектемировдун айтымында, бул жердин топурагы кызыл, шордуу келет. Аркы өйүзү да, берки өйүзү да бүтүндөй кызыл жар. Ошондуктан Кызылүңөт деп аталган.

Топонимдин биринчи түгөйү тууралуу тоо зоосунун кызыл таштуу келгендиги далилдеп турат, бирок экинчи үңөт түгөйү боюнча иликтөө жүргүзгөнүбүздө топонимикалык эмгектерде [7; 4], сөздүктөрдө [3; 5; 10; 11] бул сөз кездешпегендигине күбө болдук. Жергиликтүү айтуучулар Саты Абдымамбетовдун жана Аман Саспаевдин айтымдарында, бул сөз өңүп, үңүп деген сөздөр менен маанилеш. Алардын ою боюнча: "үңөт – мергенчиликке байланыштуу сөз, кыргыздар "үңүп жатып атып алдым" деген сөздөрдү көп айтышкан.

Кызылүңөт – кандуу жер, жапайы эчки-теке, аркар-кулжа атканга ыңгайлуу, кандуу үңөт деген мааниден пайда болгон аталыш.

**Түндүкалма** – Сары-Саз сыртындагы кыштоонун аты. Бул кыштоодо кыясы кууш жер бар. Жердиктер бул жерден өткөндө боз үйдү аттан чечип алып өтүүгө дуушар болушат. Ошол себептен бул кыштоо Түндүкалма деп аталган.

**Үчкошкон** – Сырттагы айылдын, жердин аты. Акшыйракта.

Жердиктерде Үчкошкон үч жактан жол кошулгандыктан, үч суунун куймасындагы жер болгондуктан, үч коктунун кошулуусу, аягы биригип келип түз болуп калат, ошондуктан Үчкошкон аталган деп бир нече варианттарда чечмеленет.

Биздин пикирибизче, Үчкошкон – үч коктудагы үч суунун кошулушунан аталган.

**Ыштык** – Ысык-Көлдүн сыртындагы капчыгайдын, жайлоотордүн, коктунун жана суунун аты. Сырттагы айыл да ушул аталышта аталган.

1. Шарше Боогачиевдин айтуусунда: "Мурун бул жерде кыргыздар сабаа (кымыз ачыткан чанач) ышташкан. Ошондон бул жер Ыштык деп аталган".
2. Кубакай Түлөбаевдин айтуусунда: "Бул жердин коктусу беш салаа болуп турат. Эртели-кеч шамал болгондо, кокту ылдый кум учурат. Ошондо ыштык болот".

3. Кубулбек Сыдыковдун айтуусунда: "Илгери солдаттар ушул жерлерде ыштык менен жүрүшкөн. Ошондон Ыштык деп аталган".

Жогорудагы айтылгандарга таянып, Ыштык топоними кымыз ачытканга байланыштуу келип чыккан болуу керек деп божомолдойбуз.

**Эңилчек –** Борбордук Тянь-Шандагы мөңгүнүн, тоонун, өрөөндүн, суунун, айылдын, үңкүрдүн аты.

“Байыркы муз каптоо мезгилинде, Эңилчек өрөөнү толугу менен муздун астында калып, анын эрозиялык аракетинен азыркы тепши сымал абалына келген” [9, 362–363].

Шарше Боогачиевдин айтуусунда: “Эңилчек – таштын бооруна жайылып чыгуучу өсүмдүк. Көбүнчө эңилчекти кыргыз эли бөйрөк оорусун айыктырыш үчүн пайдаланышкан (оозго салып чайноо аркылуу). Экинчиден, аркардын, койдун чүкөлөрүн кызгылтым чөп менен боёп, өңүн өзгөртүш үчүн колдонушкан”. Түшүндүрмө сөздүктө [10, 764]: “эңгилчек – нымдуу таштарда, жерде тамырсыз, гүлү жок өскөн, ар кандай боёк даярдалуучу өсүмдүк”.

Эңилчек топоними – өсүмдүктүн аны-нан келип чыккан.

**Эталбас** – Сырттагы жердин, суунун аты.

Максат Нарынбаевдин айтуусунда: “Бул жер чуңкурлуу келген түзөң жер. Эчки, теке, кийик жайлайт. Мергенчилер кийик, эчки, теке ж.б. атышканда, ал жерден чыгарыш оорго турган. Ошол жагдайга байланыштуу, атылган кийик, аркар, эчки, текелер ошол жерде көп калып калат. Ошондон Эталбас деп аталган. Бул жердеги суу да Эталбас деп аталып, Арабел суусуна куят”.

**Калмакочок** – кыштоо.

Рыскелди Мукановдун маалыма-тында, Сары-Жаз сыртындагы Ойкайыңдын маңдайындагы калмактын очогу сыяктуу жер. Ошондуктан ушундайча аталган.

Бул топонимдин сакталышы калмак-тардын азыркы Кыргызстандын айма-гында жашашкандыгынан кабар берет.

**Сөөк** – Ыссык-Көл областынын Жети-Өгүз районундагы Барскоон айыл өкмөтүнө караштуу кыштак. Барскоон капчыгайынан Тарагай өрөөнүнө чыга бериш жерде жайгашкан. Калкы 30 (1987- жыл).

**Сөөк ашуусу** – Ички Тянь-Шанда, Арабел жана Жогорку Нарын өрөөндөрүнүн аралыгындагы Сөөк тоосундагы ашуу. Бийиктиги 4627 м. Кырка тоонун ортоңку бөлүгүндө жайгашкан. Түштүк капталы тик келип, дайыма жылаңач, түндүгүн кар, мөңгү каптап жатат. Чокуга жакын Сөөк суусу башталып, ашуу жатат [9, 260].

Айылдын жана ашуунун Сөөк аталышы бүгүнкү мезгилге чейин белгисиз болуп келди. Географиялык аттардын сөздүгүндө жалпы Республика боюнча Сөөк топоними 8 жолу кайталанган. Алар: “Нарын обл. Көк-Мойнок тоо кыркасында, Ош обл. Торугарт кырка тоосундагы ашуу, Нарын обл. Арпа суусунун сол куймасы кичи суу, Ат-Башы р. Кичи суу., Кочкор р., Ош обл. Алайкуу суусунун оң куймасы кичи суу, Панфилов р. Каракол суусунун сол куймасы кичи суу, Кочкор р. Сөөктөр кичи суу, Каракужур суусунун сол куймасы” [12, 162 – 163].

“Карыялардын айтуусунда, Жетимбел тоосунун ашуусунда кырылган 292 адамдын сөөгү коюлган. Ошондон бери ал ашуу Сөөк ашуусу деп аталат” (13, 46). Сырттык Казыбай Бектемировдун айтуусуна караганда: “Ашуунун аркы бети да, берки бети да сөөк. Бул жердин суугунан мал да, эл да кырылган жер”.

Топонимист Д.Исаев Түндүк Кыргызстандын Кочкор өрөөнүндөгү Сөөктөр суусу, Жумгал өрөөнүндөгү Кызылсөөк суусу, Нарын өрөөнүндөгү Сөөк суусу, ашуусу өрөөнүндө тоонун,

ашуунун, суунун жердин аты катары көрсөтүп, сөөк көбүнчө сууларга тиешелүү ат деп, тарыхый планда сөөк – моңголчо сувук деген сөздүн жергиликтүү эл тарабынан өз тилине ылайык-таштырылып алган формасы. Кыргызча бул сөз көпчүлүккө белгилүү болгон сай деген терминге туура келет: "Сувук – сухое русло водного потока, канава; ров" деп караган [4, 102 – 103].

Биздин пикирибизде, Кыргызстан-дагы Сөөк топонимдеринин бардыгын моңголдун сувук сөзүнүн фонетикалык жактан өзгөрүүгө учураган түрү деп айтуу толук ишенимдүү эмес жана Д.Исаев Жети-Өгүз районундагы Сөөк топонимдери тууралуу мисал келтирбейт. Ошондуктан Жети-Өгүз районундагы Сөөк айылынын жана ашуунун атын 1916-жылдагы улуттук боштондук күрөш мезгилиндеги тарыхый окуялар менен байланыштуу да чечмелөөгө болот.

**Сары-Жаз** – Ак-Суу районундагы жердин, суунун, өрөөндүн тоо кырканын аты. Сары-Жаз топониминин келип чыгышы тууралуу көптөгөн уламыштар жана илимий божомолдор кездешет.

1. Муканбетов Садырбектин айтуу-сунда: "Сары-Жаз – Ак-Суу районун-дагы өрөөндүн, суунун аты. Бул өрөөндө дайыма жаз болуп турат. Чөптөрү кыска, сары келет. Ошол өзгөчөлүгүнө карата коюлган".

2. Айша Исмакулованын айтуусунда: "Бул өрөөндүн чөбүнүн өңү сары келет. Өзгөчө жаз мезгилинде тегиз саргарган өрөөн болуп калат, ошондуктан Сары-Жаз деп аталат".

Кыргыз ССРнин атласында Сары-Жаз топоними тууралуу: "Из кыргызского (тюрк) Сары – желтая, жаз – весна, или Сарыжаз – начало бурной реки, где сар иран «начало» а жааз отмеченный как кыргызское слово, неизвестен в кыргызской лексикографии в значении бурная река. Сары – омоним. Кроме цвета тюркских языках он обозначает «большой», «великий», «главный». Жаз усеченное форма от тюркского языка жазы (язы), широкий, просторный, плоский, равнина, степь. Сарыжаз – большая равнина, степь, что соответствует реалии" [1, 1, 24] деген түшүндүрмө берилет. Топонимист К.Конкобаев "Сарыжаз – большая равни-на, широкая низменность, простор" [8, 4] деген мааниде келип чыккан деп көрсөткөн.

Окумуштуу К.Конкобаевдин бул талдоосу илимий негизге жакын айтылган пикир, бирок жердиктердин маалымат-тарындагы Сары-Жаз – дайыма жаз мезгилиндеги шартты элестеткендиги өзгөчө кызыгууну жаратат. Балким, Сары-Жаз сырт сөзүнүн синоними, "башкы, жогорку дөңсөөлүү түздүк" маанисинде келип чыгышы да ыктымал.

**Мунарык** – Сары-Жаз өрөөнүнүн сыртындагы жердин аты. Кытай менен Кыргызстандын чек арасындагы жер.

Айша Исмакулованын айтуусунда: "Эртең менен таң атып келатканда, чексиз горизонт (шоола) мунарып көрүнөт. Ошол себептен жергиликтүү кыргыздар бул жерди Мунарык деп аташкан".

**Адабияттар**


1. Атлас Киргизской ССР. – Фрунзе, 1987.

2. Девону луготит турк. Индекс – словарь. – Ташкент: Фан, 1967.
3. Древнетюркский словарь. – М.: Наука, 1969.
4. Исаев Д. Жер-суу аттарынын сыры. – Фрунзе: Мектеп, 1977.
5. Койчубаев Е. Краткий толковый словарь топонимов Казахстана. – Алма-Ата: Наука, 1974.
6. Койчуев М. Кыргызстандын жаратылышы жөнүндө очерктер. – Ф.: Мектеп, 1975.

7. Конкобаев К. Топонимия Южной Киргизии. – Фрунзе: Илим, 1980.

8. Конкобаев К. Сары-Жаз. – Кыргызстан маданияты гезити. 4-ноябрь, 1982.

9. Кыргыз жергеси энциклопедиясы. – Ф.: КСЭ башкы редакциясы, 1990.

10. Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгү. – Ф.: Мектеп, 1969.
11. Мурзаев Э.М. Словарь народных географических терминов. – М.: Мысль, 1984.
12. Словарь географических назва-ний Киргизской ССР / С.У.Умурзаков, А.А.Кешикбаев, Л.И.Махрина, Т.Эшен-кулов, Б.Рыскулбекова. – Ф.: Илим, 1988.
13. Шакеев Н. Эл, жер элестери. – Б.: Кыргызстан-Сорос фонду, 2001.